Кочконова М.К.

# ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН ЧЕКТЕН ЧЫККАН ЖҮРҮМ- ТУРУМУН ОҢДООНУН ТАРБИЯЛЫК ЖОЛДОРУ

Кочконова М.К

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЕ СПОСОБЫ КОРРЕКЦИИ ЧРЕЗМЕРНОГО ПОВЕДЕНИЯ ДЕТЕЙ ПОДРОСТКОВОГО ВОЗРАСТА.

Kochkonova M.

# CORRECTION OF EXCESSIVE BEHAVIOR OF ADOLESCENT CHILDREN EDUCATIONAL PATHS

УДК: 37.013.

Өспүрүмдөрдүн проблемасы психологдордун, педагогдордун, өкмөттүн алдында турган негизги, татаал проблемалардын бири. Бекеринен өспүрүм курак азыркы учурда өткөөл, чукул өзгөргөн, кыйын, кризистүү деген сөздөр менен мүнөздөлбөйт. Жаш муундарды тарбиялоо системасы азыркы күндө Кыргызстанда калыптанган социалдык кырдаалдын мүнөздүү өзгөчөлүгү өспүрүмдөр жана жаштардын чөйрөсүндө ар кандай четтөөлөрдүн жайылуусуна себеп болуп жатат. Ошондуктан окуучуларды тарбиялоодо ар кандай четтөөлөрдү коюу зарыл. Өспүрүм курактагы балдардын таануу процесстери кенже мектеп жашындагы балдардын эсине караганда өтө жакшы же бирдей деп айтууга болбойт. Бирок, абстрактуу маалыматтарды эске сактоо мүмкүнчүлүктөрү жогору болот. Механикалык эстин ордуна логикалык, ойлонулган эс келе баштайт. Бир жагынан туруктуу, эрктүү көңүл буруусу жогорулайт. Экинчи жактан, өспүрүмдөрдүн импульсивдүүлүгү, өтө активдүүлүгү, терс таасирленүүсү алагды болууга, көңүл буруунун туруктуу эместигине алып келет. Өспүрүмдөрдө дүйнөгө болгон көз караш, нравалык ишенич, принцип, идеялар, өзүн-өзү баалоо, ой жүгүртүүсү жаңы түскө, жаңы горизонтко көтөрүлүп, аларды инсан катары мүнөздөөчү касиеттерди жаратат.

**Ачкыч сөздөр:** өспүрүмдөр, психологиялык өзгөчөлүктөр, тарбиялоо, талап, билим берүү, системалоо, классификациялоо, кризистүү, абстрактуу, девианттык, фактор, алдын алуучулук, симптоматикалык, горизонт.

Проблема подростков - одна из основных, сложных проблем, стоящих перед психологами, педагогами, правительством. Неудивительно, что подростковый возраст внастоящее время характеризуется словами "переходный", "резко изменившийся", "трудный","кризисный". Система воспитания подрастающего поколения характерная особенностьсоциальной ситуации, сложившейся в настоящее время в Кыргызстане, является причинойраспространения различных отклонений в подростковой и молодежной среде. Поэтомунеобходимо устанавливать различные отклонения в обучении учащихся. Нельзя сказать, что процессы распознавания у детей подросткового возраста очень хорошие или такие же, как у детей младшего школьного возраста. Однако абстрактные данные будут иметь более высокиешансы на запоминание. На смену механической памяти начинает приходить логическая, вдумчивая память. С одной стороны, повышается устойчивое волевое внимание. С другой стороны, подростковая импульсивность, чрезмерная активность, негативное воздействие приводят к отвлечению внимания, непостоянству внимания. У подростков мировоззрение, нравственные убеждения, принципы, идеи, самооценка, мышление приобретают новый цвет, поднимаются на новый горизонт и создают черты, которые характеризуют их как личности.

**Ключевые слова:** подростки, психологические особенности, воспитание, требование, образование, систематизация, классификация, кризисный, абстрактный, девиантный, фактор,профилактика, симптоматичный,горизонт.

The problem of adolescents is one of the main and complex problems faced by psychologists, educators, and the government. It's not for nothing that adolescence is currently characterized by the words "transitional, sudden changes, difficult, crisis". The system of educatingyoung generations is a characteristic feature of the social situation in Kyrgyzstan today, which causes the spread of various deviations in the sphere of teenagers and young people. Therefore, it is necessary to set various deviations in the education of students. Adolescent children's cognitive processes cannot be said to be better or equal to those of junior high school children. However, the memory capacity ofabstract data is higher. Mechanical memory is replaced by logical, thought-out memory. On the one hand, steady, willful attention increases. On the other hand, the impulsivity, overactivity, and negative influence of teenagers lead to distraction and instability of attention. Adolescents' worldview,

moral beliefs, principles, ideas, self-esteem, thinking rise to a new color, a new horizon, and create properties that characterize them as individuals.

**Keywords:** adolescents, psychologicalcharacteristics, education, requirement, education, systematization, classification, crisis, abstract, deviant, factor, prevention, symptomatic.

Өспүрүм деген сөз - грек тилинен алынып кыргызчага которгондо өсүү, чоңоюу, жетилүү, алдыга жылуу, умтулуу, чектөөдөн чыгуу, бой жеткен деген маанилерди билдирет. Өспүрүмдөрдүн проблемасы психологдордун, педагогдордун, өкмөттүн алдында турган негизги, татаал проблемалардын бири. Бекеринен өспүрүм курак азыркы учурда өткөөл, чукул өзгөргөн, кыйын, кризистүү деген сөздөр менен мүнөздөлбөйт.Л.С. Выготскийдин эмгегинде, өспүрүм курак ар кандай психотравмалык факторлордун таасирине өтө эле жакын шарттардын жыйындысы катары берилген. Алардын эң күчтүүсү атаэнелердин татыксыз жүрүм туруму, алардын ортосундагы чыр-чатактуу өз ара мамилелер, өспүрүмдүн жана башкалардын көз карашы боюнча маскаралоочу кемчиликтердин бар болушу, өспүрүмгө карата адепсиз мамилеси, ага ишенбестиктин же сыйлабастыктын көрсөтүлүшү. Мунун бардыгы окуу-тарбия иштерин татаалдаштырып гана тим болбостон, кээде аны дээрлик мүмкүн кылбайт. Ушундай негизде өспүрүмдүн жүрүм-турумунда ар кандай четтөөлөр пайда болушу мүмкүн. Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү зарылдыгын окутуу системасы айрым бир жалпы тенденциялар менен шартталган:

–окуучулардын маалыматты кабыл алуу түрлөрүнүн ар түрдүүлүгү;

–окутуунун маалыматтуулук формаларынан проблемалуулук жана илимий изденүүнүн элементтерин камтуу менен активдүү методдорго өтүү;

–окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышына басым жасоо менен өспүрүм куракта командалык, биргелешкен ишмердүүлүктөрдүн маанилүүлүгү эске алынат. Экинчи педагогикалык шарт. Ата-энелер менен балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү. Окуучулардын жакынкы чөйрөсү, башкача айтканда үй-бүлөсү, үй-бүлө мүчөлөрү алардын таанып-билүүчүлүк жана социалдык- эмоционалдык өнүгүүсүнө орчундуу таасир эте тургандыгы белгилүү. Сабаттуулукка ээ болуу (б.а. окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу) – бул окуучулардын таанып-билүүчүлүк өнүгүүсүнүн элементтеринин бири болуп эсептелет.Бул куракта өспүрүмдөрдүн өз алдынча таанып билүү иш-аракетин жүргүзүү, өз алдынча жана чыгармачыл активдүүлүгүн, кызыгуусун, өз ишинин практикалык маанисин көрүүгө жана жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгы менен байланышкан жаңы мотивдери пайда болот. Өспүрүмдөрдө эрудициянын жана чыгармачылыктын ар кандай иш-аракеттерде көрүнүшү үчүн аң-сезимдүү муктаждык байкалат.Өз алдынчалуулуктун акыркы баскычы өспүрүм мезгилинин аягына туура келет. Өспүрүмдөрдүн дүйнөгө болгон көз караштарынын өнүгүүсү окуу иш аракетине жараша болот. Өспүрүмдөр коомдо өз ордун табууга, өзүнүн психикалык, физиологиялык касиеттерин өз колу менен көрүп, аны талдоого аракеттенүүчү инсан катары эсептелет. Ошентип, өспүрүм коомчулукка, үй-бүлөгө ар түрдүү чечилгис проблемаларды коет жана да өспүрүмдөрдүн проблемасын өзгөчө үйрөнүүнү талап кылынат. Калктын турмуш- тиричилигинин социалдык-экономикалык шарттарынын оорлошу, инсандын адеп-ахлактык калыптанышына карата мамилелерге карама- каршы пикир келишпегендигинен идеялардын жана баалуулуктардын коомдук дүйнө таанымдын өзгөрүшү, коомдо жайылышы, , коомдогу көйгөйлөрдүн курчушуна алып келди. Жаш муундарды тарбиялоо системасы азыркы күндө өлкөбүздө калыптанган социалдык кырдаалдын мүнөздүү өзгөчөлүгү өспүрүмдөр жана жаштардын чөйрөсүндө ар кандай четтөөлөрдүн жайылуусуна себеп болуп жатат. Өзгөчө тынчсыздандырган учурлар, биринчиден, өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулуктун өсүшү, экинчиден, эң көп орто мектептердин окуучулары укук бузуулар тизмесине катталуусу. Мындай жагдайлар акыркы жылдары коомдук турмуштун бардык тарабын каптаган терс көрүнүштөрү билим берүү тармагында да өнүгүп жатканын байкоого болот. Мындай көрүнүштөр мектеп тарабынан өспүрүмдөрдүн муктаждыктарын канааттандырууда, аларды тарбиялоодо жана окутуп, өнүктүрүүдө өзүнүн ролун, өспүрүмдөр чөйрөсүндө терс көрүнүштөрдүн жайылышы алдын алуу мүмкүнчүлүгүн жоготууга алып келүүдө. Мындан тышкары, педагогикалык жамааттын максаттуу иш аракеттери социалдык чөйрөнүн калыптанып келе жаткан инсанга болгон ар түрдүү терс таасирлерин нейтралдаштырууда. Ошол эле учурда профилактикалык жана оңдоп, түзөө иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү билим берүү тармагынын кызматкерлери жана жалпы билим берүүчү мекеменин биринчи кезектеги милдети болуп саналат. Жашы жете электердин чектен чыккан жүрүм-турумунун жалпы алдын алуу жана бул жаатта бай тажрыйбага жана салттарга ээ. Ошондой эле, мектепте өспүрүмдүн микросоциалдык чөйрөсү жана эң негизгиси үй-бүлө менен өз ара аракеттенүү үчүн эң чоң мүмкүнчүлүктөр бар. Өсүп келе жаткан муунду социалдаштырууда мектептин жоголгон ролун

калыбына келтирүү, заманбап изилдөөчүлөр аны коомдук институттар менен өз ара аракеттенүүгө, толук кандуу билим берүү мейкиндигин түзүүгө багытталган ачык социалдык педагогикалык системага айландыруу зарыл. Окуучуларды тарбиялоодо ар кандай четтөөлөрдү коюу. Педагогикалык процессти нормалдуу уюштуруу, анын көнүмүш формаларын жана ыкмаларын эффективдүү пайдалануу өспүрүмдөрдүн жүрүм- турумунда четтөөлөрдү алдын алууга шарт түзөрүн педагогикалык практика көрсөтөт.

**Өспүрүм курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү**

Өспүрүм курак – бул балалык менен бойго жеткен мезгил, ал биологиялык башталышка жана маданият менен аныкталган аяктоого ээ.

Өспүрүм курак 11-12 жаштан 14-16 жашка чейинки мезгилди камтыйт. Бул куррактын негизги мазмуну – балалыктан чоңдукка өтүү. Ушуга байланыштуу илимде өспүрүмдүн өнүгүү абалынын мүнөздүү белгилеринин бири катары маргиналдуулук, башкача айтканда, анын позициясынын аралык позициясы бөлүнөт: өспүрүм балалык курака кирбей калган учурда чоңдорго таандык болот. Өспүрүмдөрдүн социалдык абалынын чек арасы жана белгисиздиги алардын психикасында «өспүрүм комплекси» деп аталган карама-каршылыктардын болушун аныктайт.

Өспүрүм курактагы балдардын таануу процесстери. Өспүрүмдөрдүн эси кенже мектеп жашындагы балдардын эсине караганда өтө жакшы же бирдей деп айтууга болбойт. Бирок, абстрактуу маалыматтарды эске сактоо мүмкүнчүлүктөрү жогору болот. Материалдарды эске сактоо үчүн, ойлоо, аны уюштуруу, эске сактоо каражаттарына ээ болуу ыктары бир канча эсе жогору өнүккөн. Өспүрүмдөр материалды эске сактоо, эске түшүрүү үчүн салыштыруу, системалоо, классификациялоо жолдорун колдонушат. Эске сакталуучу материалдардын көлөмү жана тездиги жогорулайт. Механикалык эстин ордуна логикалык, ойлонулган эс келе баштайт. Өспүрүмдөрдүн көңүл буруусу карама- каршы мүнөзгө ээ. Бир жагынан туруктуу, эрктүү көнүл буруусу жогорулайт. Экинчи жактан, өспүрүмдөрдүн импульсивдүүлүгү, өтө активдүүлүгү, терс таасирленүүсү алагды болууга, көңүл буруунун туруктуу эместигине алып келет. Өспүрүм куракта конкреттүү – образдуу ойлоо менен абстрактуу ойлоонун ортосунда күрөш жүрөт, бирок абстрактуу ой жүгүртүү өнүгүү этабында турат. Өспүрүмдөрдүн ойлоосунун өзгөчөлүгү анын сынчылдыгында турат. Алар кенже мектеп жашындагы балдарга караганда сокур ишеничтен алыстап, окуу иштерине, мугалимге сын көз менен карап, ой жүгүртүшөт. Мугалимдин сабак учурунда айткан акылдарына, материалдык мазмунуна ой жүгүртүшүп, өзүнүн мамилесин билдиришип, өздөрүн эркин кармашат. Ойлорун эркин айта алышат. Өспүрүм курактагы бала жалаң гана тирүү организм катары да калыптанат. Инсан катары калыптануусу айлана-чөйрөнүн таасирине, мектептеги окуу тарбия ишинин деңгээлине, тарбиячылардын, коллективдин жетекчилигине көз каранды болот. Өспүрүмдөрдө дүйнөгө болгон көз караш, нравалык ишенич, принцип, идеялар, өзүн-өзү баалоо, ой жүгүртүүсү, жаңы түскө, жаңы горизонтко көтөрүлүп, аларды инсан катары мүнөздөөчү касиеттерди жаратат. Өспүрүмдөрдүн дүйнөгө болгон көз караштарынын өнүгүүсү окуу иш аракетине жараша болот. Мында өспүрүм системалуу маалыматты алат, илимдин мыйзамдарын үйрөнөт жана анын адамдын турмушундагы маанисин түшүнөт.

**Өспүрүм курактагы девианттык жүрүм-турумдун өзгөчөлүгү**

Жаш куракка байланыштуу өзгөрүүлөрдүн жана өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнүн бардык аспектилеринин карама-каршылыктарынын негизинде жетилүү процесси жатат. Өспүрүм курактагы психологиялык кыйынчылыктардын негизги себептеринин бири, ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, организмдин физикалык, физиологиялык жетилишинин бирдей эместиги жана анатомиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө булчуң массасынын туура эмес өсүп калуусу кирет. Өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумундагы четтөөлөр, изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, алардын сырткы көрүнүшүндө болуп жаткан өзгөрүүлөргө карата ички сезимдерин жашыруун жолдорунун бири болушу мүмкүн. Өспүрүм курак балалык менен бойго жеткендин ортосундагы аралыкты ээлейт. Өспүрүм өз жашоосу менен жашай баштаган учурда, ата-энелер тарабынан көптөгөн көзөмөлдөнө баштайт ошол мезгилде өспүрүмдүн жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизет жана натыйжасында өспүрүм өз алдынча болуу, эркиндикти колдонууну үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат. Бул учурда анын өз алдынчалуулукка умтулуусу активдешип, ага ата-энелер катуу көзөмөл менен мамиле кылып, өспүрүмдү өз теңтуштарынан обочолонтушат, ошону менен өспүрүмдөрдүн тирешүүсү күчөй баштайт. Ата-эне өспүрүмдүнжашоосунда улуу досу катары иш алып барышы керек, анткени бул өспүрүмдүн инсандыксапатын нормалдуу өнүктүрүүнүн маанилүү шарты болуп эсептелет. Ата-энелер менен болгон мамилелерде өспүрүмдү кызыкчылыктардын жана хоббилердин биримдигинин негизинде уюштурулган биргелешкен ишмердүүлүккө кошуу оң болуп эсептелет. Мындай ишмердүүлүктү аткарууда ишенимдүү мамилелер, сезимдер, маанайлар пайда болот.

Өспүрүмдүн жашоосунда ата-эненин маанилүү ордуна карабастан, чыр-чатактардын бар болушу, агрессиянын, оройлуктун, өжөрлүктүн көрсөтүлүшү ушул мамилелерге мүнөздүү. Мунун бардыгы өспүрүмдүн өзүн чоң адамдай сезип, өзүнө карата туура мамилени талап кылгандыгы жана ата-эне өспүрүмгө баладай мамиле жасоону улантуусу менен байланыштуу. Эгер ата-эне өспүрүмгө болгон мамилесин өзгөртө турган болсо, алардын баарлашуусу жемиштүү болот. Эгерде мамилени өзгөртө албаса балада тил албоочулук, өзүмчүлдүк пайдаболуп, жүрүм- туруму озгорүүшү толук мүмкүн. Ушундай жагдайга байланыштуу өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумга ыктуулугун аныктоочу фактор катары өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоо зарылчылыгы келип чыгат. Албетте, өспүрүмдөрдүн четтөөсү коомдогу мамилелерди чагылдырат. Бирок, өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумунун көрүнүштөрү "бойго жеткен" четтөө мыйзамдарына окшош эмес. Өспүрүмдөрдүн жаш курагы девианттык жүрүм-турум үчүн өбөлгөлөр катары гана эмес, анын көрүнүшү өзгөчөлүктөрүн аныктайт. Өспүрүмдөрдүн четтетүүлөрүнүн негизги өзгөчөлүктөрү:

- жүрүм-турум реакцияларына жогорку айып;
- көңүлү чөккөн кырдаалга жооптун импульсивдүү мүнөзү;
- жооп берүүгө жөндөмсүз көңүл буруу;
- өз жүрүм-турумун жана мыйзамдын талаптарын чечүүдөгү кыйынчылыктары.

Азыркы шарттарда өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумунун себептери:
Заманбап илимий адабиятта инсандык жүрүм-турумга четтөөлөрдү аныктоочу факторлордун төмөнкү топторунда айырмаланат:

- физикалык чөйрөнүн тышкы шарттары;
- тышкы социалдык шарттар;
- ички тукум куучулук- биологиялык жана конституциялык өбөлгөлөр;
- жеке себептер жана механизмдер.

Илимде өспүрүмдөрдүн девианттуулук мамилесиндеги эң маанилүү фактор катары үйбүлөдөгү дисфункциянын өсүшү. Өспүрүмдөрдүн четтөөсүнүн себептери катары иш алыпбарган үй-бүлөлөрдүн өзгөчөлүктөрү шартталат жана үч топко бөлүнөт:

- мүчөлөрү, акыл- эси же башка олуттуу оорулары, баңгиликке берилип, алкоголдук ичимдикке берилип кеткен үй-бүлөлөр;
- Ата-энелердин ортосундагы мамилелердеги сүйүүнүн жетишсиздиги, душмандыктын, кастыктын таасири бар үй-бүлөлөр;

Билим берүү процессинде үй-бүлөлөр төмөнкү белгилер менен мүнөздөлөт:

- көңүл коштук - ата социалдык ченемдердин авторитеттүү өкүлү жана ошол эле учурда баланын жеке өнүгүүсүнө кызыкдар эмес, ал эми эне баланы чоңойтууга кызыкпайт;
- балага карата ата- энелердеги сүйүүнүн жетишсиздиги; баланын жүрүм- турумуна жазанын басымдуулугу;
- балдардын жүрүм- турумундагы структуралык элементтердин жетишсиздигине карата балага коюлган чектөөлөр;
- балага ашыкча камкордук, эркелетүү, айтканын жасоо.

Эгерде өспүрүм ата- энеден сүйүүнү сезип жатса, анда коргоочу механизм ээликтен ажыратылат. Өспүрүмдөрдүн кабыл алуу реакциясы ар түрдүү болушу ыктымал. Мисалы: баш тартуу, наоразычылык, топтор, эрежелер, ар кандай үй-бүлөлүк мамилелердин натыйжасы. Өспүрүмдөрдө адеп-ахлактык баалуулуктар тутуму жок болгон учурда, анын кызыкчылыктар чөйрөсү негизинен өзүмчүл, мыкаачылык, паразиттик жана башка дагы керектөөчү багыт алабаштайт. Профилактика Грек тилинен которгондо "Алдын алуу" дегенди түшүндүрөт. Ар кандайжагымсыз көрүнүштөрдүн же окуялардын алдын алуу үчүн иш-аракеттерди көрсөтүү үчүнколдонулат. Ушуга байланыштуу профилактикалык иш-аракеттер керек болгон себептердижок кылууга алып келиши мүмкүн.

Девианттык жүрүм-турумдагы өспүрүмдөр жана "тобокелдик тобундагы" өспүрүмдөрменен иштөө симптоматикалык мамилеге, башкача айтканда, четтөөнүн спецификалык белгилери менен иштөөгө, ошондой эле сересеп- саларлык, башкача айтканда профилактикалык мамилеге - себептерди, шарттарды жана факторлорду жоюуга негизделиши керек.

Ушуга байланыштуу өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумунун алдын алууда үч негизги деңгээлге бөлөбүз:

1. Эрте же баштапкы алдын алуу бул жагдайлар өспүрүмдүн жүрүм-турумуна олуттуу таасирин тийгизгенге чейин девиациянын пайда болушуна шарт түзгөн жагымсыз социалдыкжана социалдык-психологиялык факторлорду өз убагында аныктоону жана четтетүүнүкамтыйт. Жалпы алдын алуу ишинин заманбап концепциясына ылайык, эрте алдын алуу.

2. Экинчи даражадагы профилактика девианттык жүрүм- туруму бар өспүрүмдөрдүн, анын ичинде укук бузуу жасаган жана укук коргоо органдарынын: инспекциялардын, жашыжете электердин иштери боюнча комиссиялардын, райондук ички иштер органдарынын өзгөчөкөңүл буруусунда турган өспүрүмдөрдүн айлана- чөйрөнү, жашоо шарттарын жанатарбиялоосун жакшыртууга багытталган.
3. Үчүнчү алдын алуучулука багытталган иштер. Негизинен кылмыш жасаган өспүрүмдөр менен иштөөнү камтыйт, эгерде жаза же аны алмаштыруучу чаралар аларды коллективден чыгарууга туура келет.
Өспүрүм курактагылардын турмуштук мамилелер системасынын бардыгы кайра курулат жана ал жаңы талаптарды канчалык ийгиликтүү аткара алгандыгы көпчүлүгүндө аныкталат. Окуу – бул өспүрүмдүк курактагы окуучунун алдынкы ишмердүүлүгү, ал баланын өнүгүүсүндө болуп жаткан маанилүү өзгөрүүлөрдү аныктайт. Системалуу окуу, балдардын жаңы билим жана билгичтиктерди өздөштүрүүсү, курчаган чөйрөгө активдүү кызыгуусу, жаңы таанып билүү муктаждыктарынын өнүгүүсү үчүн шарт түзөт.

Бала өспүрүм куракка келгенде "мен киммин", "кимге окшошмун", "кандай болушум керек" деген суроолорду өзүнө бере баштайт. Анын айтымында, өткөөл курактагы бала мурдагыдай ата-энесине эмес, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга, досторунун сөзүнө, телевизор, интернеттен көргөн каармандарына көбүрөк таасирленет. Бала кичинекейинде ата- эне анын курсагын тойгузуу, үй тапшырмасына жардам берүү сыяктуу көзгө көрүнгөн иштерге басым жасап келсе, өспүрүм куракта баласынын жан дүйнөсүнө күн сайын кызыгып туруу керек. Анын маанайын, жасап жаткан иштерин сурап, башкысы бала жалгыз эмес экендигин сездирүү өтө маанилүү. Бул куракта адамда өзүн- өзү таануу процесси башталат. Бала өзү каалап барам деген ийримдеринен баш тартпоосу зарыл. Анткени ага жаккан нерсе менен алектенүү убактысын чектеп, жаман иштерге баруусуна бөгөткоюуга аракет кылат. Ошондой эле өспүрүм курактагы балдарга ченеми менен кара жумуш жасатуу да бул куракта өтө маанилүүлү жана өспүрүмдү жоопкерчиликке тарбиялайт жана девианттык жүрүм-турумду алдын алат.

Адабияттар:


1. Миңбаев К. Курак жаш жана педагогикалык психология. - Ош, 1995.
2. Мухина В.С. Возрастная психология. - М., 1997.
3. Зинченко В.П. Аффект и интеллект в образовании. - М., 1995.
4. Возрастная и педагогическая психология. / Под редакцией А.В. Петровского. - М.,1982.
5. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы. «Ден – соолук Медициналык энциклопедия. - Ф.:1991,
6. Журавлев Д.Н. Трудные дети и проблема отклоняющегося поведения (аналитический аспект) // Ярославский педагогический вестник. – 2003. №3. С.82-85.
7. Заверткина Е.Г. Коррекция девиантного поведения подростков: учебно– методическое пособие. – Ярославль, 2006.
8. Клейберг Ю.А. Психология девиантного поведения: учебное пособие для вузов. – М., 2001.
9. Компаниец О.Б. Девиантное поведение школьников: детерминирующие социальные факторы: дис.канд. социол. наук: 22.00.06. – Казань, 2001.
10. Менделевич В.Д. Психология девиантного поведения. С.-Петербург, 2005.